Кырг.
2021-30

**К. И. СКРЯБИН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН БИОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д 06.19.602 диссертациялык кеңеш**

*Кол жазма укугунда*
УДК 631.82:633 "324" (574.51)

**КЕЖЕМБАЕВА ЖАНАР КАНАТОВНА**

# ТҮШТҮК-ЧЫГЫШ КАЗАКСТАНДЫН КАЙРАКЫ ЖЕРЛЕРИНДЕ КҮЗДҮК БУУДАЙ ЭГҮҮГӨ ТОПУРАКТЫ НЕГИЗГИ ИШТЕТҮҮНҮ МИНИМАЛДАШТЫРУУДА ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕРДИ КОЛДОНУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

06.01.04 – агрохимия

Айыл чарба илимдеринин кандидаты
окумуштуру даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын
**авторефераты**

Бишкек – 2020

Диссертациялык иш "Казак улуттук агрардык университети" коммерциялык эмес акционердик коомунун топурак таануу жана агрохимия кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** **Умбетов Амангельды Кажпахметович**
айыл чарба илимдеринин доктору, профессор, «Казак улуттук агрардык университети» коммерциялык эмес акционердик коомунун топурак таануу жана агрохимия кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттери:** **Карабаев Нурудин Абылаевич**
айыл чарба илимдеринин доктору, профессор, К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын профессору
**Насруллоев Акмалджон Абдуллоевич**
айыл чарба илимдеринин кандидаты, Тажик Айыл чарба илимдер академиясынын Топурак таануу институтунун Согди топурак таануу-мелиорация тажрыйба станциясынын улук илимий кызматкери.

**Жетектөөчү мекеме:** Ташкент мамлекеттик агрардык университети, агрохимия жана топурак таануу кафедрасы (100140, Ташкент шаары, Университет көч., 2).

Диссертацияны коргоо 20__-жылдын «____» __________ саат «___:___» айыл чарба илимдеринин доктору (кандидаты) илимдеринин окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын биология институтуна караштуу Д 06.19.602 диссертациялык кеңешинин отурумунда өткөрүлөт (720005, Бишкек ш., Медерова 68 көчөсү) окумуштуулар кеңешинин залында, онлайн режиминин коргоого кирүү коду 6069742200.

Диссертация менен К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин (720005, Бишкек ш., Медерова 68 көчөсү), Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын (720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265) китепканаларынан жана www.knau.kg. сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2020-жылдын 28.12.2020 таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, айыл чарба илимдеринин доктору, доцент** **К. Т. Тургунбаев**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Казакстан Республикасынын агроөнөр жай комплексин туруктуу өнүктүрүү концепциясынын артыкчылыктуу багыттарынын бири агроөнөр жай комплексин илимий камсыздоону күчөтүүнү, инновациялык иштеп чыгууларды киргизүүнү карайт.

Ошондуктан айыл чарбасынын өсүмдүктөрүнүн өндүрүмдүүлүгүнө, топурактын түшүмдүүлүгүнүн жогорулашына, сакталышына жана бүгүнкү күндөгү комплекстүү агротехнологияларды колдонуунун негизинде түрдүү агротүзүүлөргө өзгөчө көңүл бурулган.

Бардыгына белгилүү болгондой, ушул мезгилге чейин КМШ өлкөлөрү менен алыскы чет мамлекеттерде эле эмес Казакстанда дагы топурак иштетүүнүн универсалдуу технологиялары, айдоо алдындагы иштетүүдөн баштап түшүмдү тазалоого чейинки мезгилдеги көптөгөн өзүнчө технологиялык иштер, терең иштетүүнүн көп саны менен мүнөздөлгөн топурак иштетүүнүн механикалык системасы өздөштүрүлгөн.

Бул технологияларды колдонуунун жыйынтыктары энергия чыгымдарынын көбөйүшүнө жана топурактын касиетинин бардык жердеги бузулушуна алып келди.

Акыркы жылдардагы илимий-техникалык адабияттардагы талдоолор, азыркы мезгилде биздин республикада да, КМШ өлкөлөрүндө да топурак иштетүүнүн өздөштүрүлгөн системасын кайрадан карап чыгууну талап кылып, көпчүлүк учурларда топуракты терең иштетүүнү үстүртөн иштетүү же нөлдүк иштетүүлөр менен алмаштыруу зарыл экендигин далилдеп көрсөттү (Кирюшин В. И., 2006; Нечаев Л. А., Черкасов Г. Н., Коротеев В. И., 2013).

Иштетүүнү минималдаштыруу кадимки соко менен тартып иштетүүгө караганда бир топ артыкчылыктарга ээ, башкача айтканда жумушчу күчүн 1,5-3 эсеге чейин үнөмдөөгө жана күйүүчү майдын чыгымын 30-80 %-га чейин азайышын көптөгөн изилдөөлөр көрсөттү (Назарюк В. М., Смирнова Н. В., Савенков О. А., 2005).

Минималдык технологияны колдонуунун эн маанилүү аспектиси топурактын кайрадан тыгыздалып катып калуусун, дефляциясын (6-10 эсе) жана суу эрозиясын (1,5-3 эсе) азайтып, топуракты коргоо функциялары болуп саналат.

Минималдык иштетүү топурак кыртышынын бетин өсүмдүктөрдүн калдыктары менен үстүн жабуулоонун негизинде гана нымдуулуктун топтолушуна жана өсүмдүктөрдүн азык заттарды натыйжалуу пайдалануусу боюнча бир топ артыкчылыктарга ээ.

Топуракты минималдык иштетүүгө өтүү үчүн милдеттүү түрдөгү шарттар

болуп – тамырга жогорку түшүмдүүлүктү берген катмарлардын болушу, жер семирткичтерди берүү, сортторду өстүрүүдөгү гербициддердин болушу, топуракты минималдык иштетүү шарттарына жөндөмдүү болушу эсептелинет.

Топуракты минималдык иштетүүдө түшүмдү жыйнап алгандан кийинки калдыктар топурак кыртышынын бетин капташып же толук эмес жарым-жартылай жайгашышат да, топурактын касиеттерине оң таасирлерден тышкары (нымдуулуктун жакшыруусу, топурак кыртышынын температурасынын төмөндөшү, эрозиянын начарлашы ж.б.) фитотоксиндүүлүктү пайда кылышып, азоттун иммобилизациясына алып келиши мүмкүн.

Ушундай учурдагы терс таасирлердин болушунан минералдык жер семирткичтерди колдонуу менен арылууга болот.

Түштүк-чыгыш Казакстандын кайраки жерлериндеги толук эмес камсыз болгон шарттарындагы бул маселелерди чечүү биздин изилдөөлөрдүн актуалдуулугун аныктайт.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлору), билим берүү жана илимий мекемелер өткөргөн негизги илим-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Илимий иш "Түштүк-чыгыш Казакстанда материалдык жана эмгек чыгымдарын азайтып жогорку сапаттагы экологиялык таза азык алууну камсыз кылуучу айыл чарба өнүмдөрүн өндүрүүдө колдонуудагы технологияларды өркүндөтүү жана жаңы технологияларды иштеп чыгуу" тапшырмасы боюнча программаны аткаруунун тематикалык планына ылайык жана Дүйнөлүк Өнүктүрүү банкынын "Айыл чарба азыктарынын атаандаштык жөндөмүн арттыруу" долбоорунун алкагында жүргүзүлдү.

**Изилдөөлөрдүн максаты.** Түштүк-чыгыш Казакстандын толук эмес камсыздандырылган кайраки жер шарттарында күздүк дан эгиндерин эгүүдө, топуракты кайра иштетүүнүн ар кандай түрлөрү менен минералдык жер семирткичтердин жер кыртышынын асылдуулугун жана түшүмдүн өндүрүмдүүлүгүнүн өзгөрүшүнө комплекстүү таасир этүүсүн изилдеп чыгуу.

**Изилдөөлөрдүн милдеттери:**

1. Топурактын түшүмдүүлүк көрсөткүчүн (агрохимиялык, агрофизикалык) өзгөртүүгө, топуракты иштетүү факторлорунун жана жер семирткичтердин ар кандай түрлөрүнүн, өлчөмүнүн жана кошулмаларынын, тийгизген таасирин, топуракты иштетүүнүн ар түрдүү түрлөрүнө жараша топурактын суу режиминин динамикасын изилдөө.

2. Тамыр калдыктарынын жер алдындаы биомасса түзүү шарттарын изилдөө.

3. Жер семирткич жана топурактын негизги кайра иштетүү түрлөрүнө жараша топурактын кыймылдуу азыктык заттардын динамикасын изилдөө, топуракты иштетүүнүн түрлөрүнүн жана жер семирткичтердин өлчөмүнүн топуракта N-$NO_3$ миграциясына тийгизген таасири.

4. Изилдөөгө алынган факторлорго жараша күздүк буудайдын азыктык элементтеринин курамын жана аларды жер семирткичтерден пайдалануунун коэффициенттерин аныктоо.

5. Изилденген факторлорго жараша күздүк буудайдын түшүмдүүлүгүнүн динамикасын изилдөө.

6. Жарым камсыз кылынган кайраки жер шартында күздүк буудайга кыртышты иштетүүнүн кыйла оптималдуу түрлөрүн жана жер семирткичтердин рационалдуу (экономикалык жактан рентабелдүү) ченемдерин аныктоо.

7. Жер иштетүүнүн ар түрдүү түрлөрүндө жер семирткичтерди колдонуунун энергетикалык натыйжалуулугун аныктоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы биринчи жолу Казакстандын түштүк-чыгышындагы жарым камсыз болгон кайраки жер шартында бир катар факторлордун комплекси–топуракты минималдуу, нөлдүк негизги иштетүүнүн түрдүү түрлөрүнүн таасирлери, ачык- коңур өңдүү топурактын минералдык жер семирткичтер менен алардын кошулмасын өлчөмүн берүүдөгү түшүмдүүлүгү жана күздүк эгиндин түшүмдүүлүгү аныкталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Фермердик чарбалардагы, дыйкан чарбаларындагы жана өндүрүштүк кооперативдердеги күздүк буудайды айдоо учурундагы жер семирткичтердин рентабелдик ченемдери жана топуракты иштетүүдө энергияны үнөмдөө ыкмаларын иштеп чыгуу жана аларды киргизүү түшүмдүүлүктүн жогорулашы менен продукциялардын сапаттуу болушуна жардам берүүнүн негизинде базар шарттарындагы атаандаштыктардын келип чыгышына зор мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктары жер семирткичтерди пайдалануу менен топуракты аз чыгым менен иштетип ошону менен айдоо аянтынын таза кирешесин олуттуу көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн көрсөттү, мында энергетикалык натыйжалуулуктун коэффициенти бир кыйла жогорулайт.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Азоттук-фосфордук жер семирткичтердин нормасын жана топуракты иштетүүнүн ар кандай түрлөрүнүн топурактын кыймылдуу азык заттарынын профилдери боюнча кармалышына жана бөлүштүрүлүшүнө тийгизген таасирлери.

2. Топуракты иштетүүнүн жана минералдык жер семирткичтердин пайдалануунун түшүмдүн структурасына жана анын көлөмүнө тийгизген комплекстүү таасирлери.

3. Топуракты ар кандай жол менен иштетүүдөгү жер семирткичтерди колдонуу коэфиценттери жана азык элементтеринин чыгуу чоңдуктары.

4. Топуракты иштетүүнүн ар кандай фондорундагы жер семирткичтерди колдонуудагы экономикалык натыйжалуулук. Топуракты түрдүү жол менен иштетүүдө жана жер семирткичтерди колдонууда топуракта жана өсүмдүктө азык заттардын (NP) динамикасынын мыйзам ченемдүүлүгү аныкталды.

**Изденүүчүнүн жеке кошкон салымы.** Долбоор боюнча 2008-2011-жылдарда Дүйнөлүк Өнүктүрүү Банкынын "Айыл чарба азыктарынын атаандаштык жөндөмүн арттыруу", "Түштүк-чыгыш Казакстанда материалдык жана эмгек чыгымдарын азайтып жогорку сапаттагы экологиялык таза азык алууну камсыз кылуучу айыл чарба өнүмдөрүн өндүрүүдө колдонуудагы технологияларды өркүндөтүү жана жаңы технологияларды иштеп чыгуу" долбооруна өз салымын кошту. Тажрыйба жүргүзүү, топурак жана өсүмдүктөрдүн үлгүлөрүн тандоо жана талдоо, тариздөө, материалдарды жалпылоо жана диссертациялык иштерди жазуу автор тарабынан жеке жүргүзүлдү.

**Изилдөөлөрдүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары Агробиология жана экология илимий-изилдөө институтунун илимий-техникалык кеңешинин жыл сайын өткөрүлүүчү кеңешмесинде жана У. У. Успановдун 100 жылдыгына арналган "Казакстандын кыртышын өнүктүрүүгө Успановдун салымы (Алматы, 2006), В. М. Боровордун 100 жылдыгына арналган" Мелиоративдик кыртышты өнүктүрүүнүн азыркы абалы жана келечеги " атуу конференцияларда жарык көрдү (Алматы, 2009).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук чагылдырылышы.** Диссертациялык иштин темасы боюнча, 9 илимий макала жарыяланган, алардын 6 чет элдик илимий мезгилдүү басылмаларда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш 183 беттен турган компьютердик тексте терилген, ал кириш сөздөн, адабий серептерден, 7 баптан, 24 таблицадан, 2 сүрөттөн, тыянактардан, практикалык сунуштан, 175 адабий тизмесинин буурактарынан, анын ичинде 6 чет элдик бурактардан, ал эми 168 орус тилиндеги булактарды ичинде камтыйт, качтысы жана 1 жеке жарыялоо, тиркемеси 3 анын ичинде: 1-тиркеме 11 таблицаны камтыйт, 2-тиркеме математикалык иштеп чыгуунун баштапкы маалыматтарын камтыйт, 3-тиркеме өндүрүшкө киргизүү актысын камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү.** Киришүү бөлүмүндө изилдөөнүн актуалдуулугу, иштин максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси келтирилген.



**1 бап. Адабият сереп. Жер кыртышынын күрдүүлүгүн, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатууда жер семирткичтердин натыйжалуулугу.** Бул бапта учурдагы абалдын анализи, минималдуу иштетүүлөрдүн колдонулушу, алардын, топурактын кайра катып калуусун жана алардын суу эрозиясына дуушарланышын (1,5-3 эсеге) жана дефляцияланышын (6-10 эсе) азайтуучу кыртышты сактоочу милдети чагылдырылган. Көпчүлүк учурларда дан өсүмдүктөрүн гана эмес, башка өсүмдүктөрдү да иштетүүдө топуракты терең иштетүүнү үстүртөн иштетүүгө алмаштыруу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Минималдуу иштетүү топурактын бетин өсүмдүк калдыктары менен үстүнөн жабуу менен жер семирткичтерди колдонууда өсүмдүктөрдүн пайдалуу заттарды натыйжалуу пайдалануусунда жана ным сактоодо артыкчылыкка ээ.

**2 бап. Материалдар жана изилдөө ыкмалары. Изилдөөнүн объектиси** болуп, Стекловидная-24 сортундагы күздүк буудай жана тажрыйба тилкесиндеги ачык-коңур түстөгү топурак саналат. Механикалык курамы боюнча бул орто, кумдуу билдирет, эксперименттик изилдөөлөр дыйканчылык жана өсүмдүк өстүрүү боюнча Казак Илимий-изилдөө институтунда, дыйканчылык бөлүмүндө стационардык тажрыйбаларда жүргүзүлгөн. Деңиз деңгээлинен жердин абсолюттук бийиктиги ≈ 730 м Аймак тоо этегиндеги чөлдүү талаа зонасына кирет.

Катмарлардагы гумустун курамы 0-20 см – 2,3 %, жалпы азот – 0,221, жалпы фосфор – 0,226, жалпы калий – 1,91 %.

Айдоо катмарларындагы кыймылдуу фосфордун кармалышы 22,0 мг, калийдин алмашуусу 615,0 мг/кг.

**Изилдөөнүн предмети.** Коюлган милдеттерди чечүү күздүк буудайдын алдында кыртышты негизги иштетүүнүн (минимум жана нөлдүк) фонунда минералдык жер семирткичтердин ар кандай дозаларын колдонуу жана айкалышын колдонуунун варианттары менен талаа тажрыйбаларын коюу аркылуу аткарылат.

Жогоруда көрсөтүлгөн аймактарга климаттык шарттары боюнча тоо этектеринин ээн талаалары кирет, о.э. 400 мм чейин чөгүп, абанын орточо жылдык 7-8°С температурасынан турат (2.1 таблица).

Иштетүү – 5 вар.

Жер семирткич – 6 вар.

Бардыгы - 30.

Тажрыйбанын кайталануусу үч жолку. Биринчи тартиптеги аймактын жалпы аянты 215 $м^2$, экинчиси – 16 $м^2$.

Фосфордук жер семирткич негизги иштетүү боюнча бир мөөнөткө кирет.

Азоттук жер семирткич эрте жаздык азык катары кийинки мала кошуу менен киргизилет.

2.1 таблица – Тажрыйбанын схемасы

| Фосфордук фон | В 20-22 | П 20-22 | П 10-12 | БД-3 | Нөлдүк кайра иштетүү |
|---|---|---|---|---|---|
| $P_0$ | айнек сымал сорт - 24 | | | | |
| | азоттун дозасы | | | | |
| | $N_0$ | $N_0$ | $N_0$ | $N_0$ | $N_0$ |
| | $N_{45}$ | $N_{45}$ | $N_{45}$ | $N_{45}$ | $N_{45}$ |
| | $N_{90}$ | $N_{90}$ | $N_{90}$ | $N_{90}$ | $N_{90}$ |
| $P_{90}$ | $N_0$ | $N_0$ | $N_0$ | $N_0$ | $N_0$ |
| | $N_{45}$ | $N_{45}$ | $N_{45}$ | $N_{45}$ | $N_{45}$ |
| | $N_{90}$ | $N_{90}$ | $N_{90}$ | $N_{90}$ | $N_{90}$ |

Түшүмдү тазалоо жана эсепке алуу Sampo-130 чакан габариттүү комбайн менен ишке ашырылган. Алынган түшүмдүн маалыматтары боюнча математикалык эсептөө ыкмасы В. Н. Перегудовдун дисперсиондук анализи боюнча жүргүзүлгөн.

Кургак массанын топтолушун жана күздүк буудайдагы азот, фосфор, калийдин колдонуу мүнөзүн изилдеп чыгуу үчүн ар бир аймактагы экинчи жолку кайталанган тажрыйбасында (негизги аянтчалар) негизги өсүү жана өрчүү фазаларындагы (топ-топ болуп өнүү, себүү, дандын толук бышып жетилүүсү) өсүмдүк үлгүлөрү тандалган.

Ушул эле мөөнөттө 0-5, 5-10, 10-15, 15-20, 20-30 см катмардагы топурак үлгүлөрү тандалган, ал эми тажрыйба жүргүзгөндөгү өзүнчө вариант боюнча – 150 см тереңдиктеги катмар тандалып алынган.

Мындан тышкары, тажрыйбанын алдында топурактын механикалык курамын аныктоо үчүн баштапкы жер катмарынын үлгүсү, мофологиялык мүнөздөмөсү жана тандалышы, топурактын горизонттору боюнча негизги макро жана микроэлементтери жана гумустун кармалыштары боюнча участкаларга топурак тилкелери жасалат. Күздүк буудайдын тандалып алынган үлгүлөрүнүн вегетация мезгилиндеги динамикасында азыктын кыймылдуу элементтери ($NO_3$, $P_2O_5$, $K_2O$) жана топурак кыртышынын метрдик катмарларынын нымдуулугунун кармалышы аныкталат.

Мачигин боюнча фосфордун кыймылдуулугун тактоо 1 % көмүр аммонийдик сиңирүүдөгү Малюгин жана Хреновдун модификациясы анын кийинки колориметриялык аныкталуусу менен ишке ашат, ошол эле мезгилде күйүп жаткан фотометрдеги калийдин алмашуусу нитраттардын дисульфофенолдук ыкмасы менен аныкталат.

Жер семирткичтерге көз каранды болгон күздүк буудайдагы өсүмдүк тамыр системасынын түзүлүү шарттары жана топурак кыртышын минималдуу иштетүүнүн ар кандай жолдору Станковдун топурак монолиттеринин ыкмасы менен тандалган.



Өсүмдүк үлгүлөрүндөгү нымдуу күлдөнүүдөн кийинки жалпы азоттун, фосфордун жана калийдин болушу Н. Е. Гинзбург, К. А. Шеглова жана Н. К. Вульфиустун (1963) ыкмалары боюнча аныкталат.

Жалпы азот Къельдалдын ыкмасы боюнча, фосфордун колориметрикасы боюнча жана күйүп жаткан фотометрдеги калий боюнча аныкталат.

Дандын жана нан жасалуучу ундун сапаттарына изилденип жаткан факторлордун таасир этүүсүн аныктоо максатында үлгүлөр жалпы колдонулуучу ыкма боюнча технологиялык лабораторияларда анализденет.

Кайракы жердеги күздүк буудайды алууда минералдык жер семирткичтерди колдонуу менен топурак кыртышын иштетүүнүн ар кандай түрлөрүндө, экономикалык натыйжалуулуктун эсеби Айыл чарбасын электрлештирүү боюнча илим-изилдөө институту (АЧЭИИИ) тарабынан иштелип чыккан ыкма боюнча жүргүзүлөт.

**3 бап. Изилдөө жүргүзүү зонасынын жаратылыш-климаттык шарттары.** Бул бөлүмдө кароого алынган аймактын континенталдык, чоң суткалык жана жылдык температуранын жана жаан-чачындын өзгөрүүлөрү менен мүнөздөлгөн климаттын анализи берилген.

Климаттык шарты боюнча аймак талаа жана чөлдүү талаа зонасына кирет.

**4 бап. Өз изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана аларды талкуулоо.**

**4.1. Топурактагы нымдуулуктун корунун динамикасы.** Кайракы шартта, өстүрүлгөн өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн түзүүнүн негизги элементтеринин бири нымдуулук болуп саналат, анын запасы негизги иштетилген учурдан баштап күзүндө пайда боло баштайт. Күздүк буудайды сепкенге чейин топурактын бир метр катмарындагы түшүмдүү нымдын курамы, кыртышты иштетүү ыкмаларына карабастан, бирдей деңгээлде - 37-43 мм, ал эми айдоо учурунда 31 мм болгон.

**4.2. Кыртыштын түп тамырларынын калдыктарын, жаңы пайда болгон гумустун жана азык заттарынын топтолушуна жерди иштетүүнүн жана жер семирткичтердин негизги ыкмаларынын таасири.** Изилдөөлөр көрсөткөндөй, жер кыртышын иштетүүдө (ДТ-6-8 см), тамырдын өсүмдүктөрүнүн калдыгы 20-22 см (3,05 т / га) айдаганга караганда жогору (3,62 т / га), андан кийин 10-20 см топурак катмарындагыдай эле, эки варианттагы калдыктардын көлөмү иш жүзүндө бирдей (3,6-3,7 т / га). Азот жана фосфор жер семирткичтерин өз-өзүнчө жана бирдикте чачуу тамырдын өсүмдүктөрүнүн калдыктарынын массасынын бир кыйла көбөйүшүнө шарт түзөт.

**4.3. Ачык-коңур топурак кыртышынын азыктануу режими.** Баарыбызга белгилүү болгондой,айыл чарбасындагы түшүмдүүлүктүн жогорулашында негизги чечүүчү роль жер семирткичтерге таандык – алардын ичинен биринчи деңгээл азотко таандык. Өз убагында Д. Н. Прянишников

белгилеп кеткендей, өсүмдүктөрдүн азот менен камсыз болушу, кыртыштагы азоттук баланстын абалы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн маанилүү бир деңгээлдеги түшүмдүүлүгүн жана айыл чарба продуктыларынын өндүрүмдүүлүгүн аныктайт.

Көпчүлүк изилдөөлөрдө белгиленгендей, өсүмдүктөрдөгү азоттук азыктануунун негизги булагы болуп азоттун нитраттык түрү эсептелинет.

Курган калган жер кыртышындагы топурактагы аммиак азоттун өтүүчү түрү болуп саналат да, ал бир жерде топтолуп калбай топурактын жогорку нитрификациялык жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу, нитраттарга айланып кетет. Ошондуктан, топурактагы нитраттардын динамикасы азоттун жеткиликтүүлүгү боюнча анын натыйжалуу түшүмдүүлүгүн мүнөздөйт.

Бирок, нитрификация, биологиялык процесс катары температурага, нымдуулукка, аэрация деңгээлине көз каранды, өз кезегинде агротехникалык таасирлерди өзгөртө алат (айдоолор, топурак кыртышын иштетүү, сугаруу ж.б.)

Биздин изилдөөбүз дагы тактап кеткендей, топурактагы нитраттардын болушунун бир топ таасир этүүчү фактору болуп азоттук жер семирткичтерди колдонуу саналат.

Акыркы жылдардагы көптөгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, минималдык жер иштетүү, традициялык жол менен башкача айтканда, соко менен жер иштетүүгө караганда, төмөндөгүдөй бир катар артыкчылыктарга ээ, атап айтканда: жумушчу күчтөргө болгон эконом (1,5 – 3 эсеге); күйүүчү отундарга болгон чыгымдардын азайышы (30-80 % чейин); талаа жумуштарындагы өткөргөн убакыттардын кыскарышы.

Топурак кыртышын минималдуу иштетүүдө талаа тазалагычтан калган калдыктар топурактын үстүңкү катмарында толук эмес жайгашып калышат да, кыртыштагы жакшы таасирлерден (нымдуулукту камсыздоонун жакшыруусу, топурактын температурасынын төмөндөшү, эрозиянын начарлашы ж.б.) сырткары фитотоксиндүүлүктү пайда кылып, азоттун иммобилизациясына алып келиши мүмкүн. Ушундай терс таасирлер болгон учурларда минералдык жер семирткичтерди колдонуу менен бул таасирлерден арылууга болот.

Азыркы мезгилде Казакстандын дан өстүрүүчү региондорунда топуракты коргоо максатында кыртышты минималдуу иштетүүнү колдонушууда. Бул технология акыркы жылдары түштүк-чыгыш Казакстандын кайракы жерлеринде колдонула баштады.

Ошол эле учурда кыртышты минималдык жана нөлдүк иштетүү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн азык системасын иштеп чыгуу жана корректировкалоо зарылчылыктарына алып келет. Түштүк-чыгыш Казакстандын кайракы жерлериндеги толук эмес камсыздалган шарттарындагы ушул маселелерди чечүү биз тараптан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн зарылчылыктарын аныктады.

Түштүк-чыгыш Казакстандын кайракы жерлериндеги толук эмес



камсыздалган шарттарындагы ачык-коңур топурак кыртышына жер семирткичтердин комплекстүү таасир этүүсү жана топурак кыртышын иштетүүнүн ар кандай системаларындагы дандын продуктивдүү, түшүмдүү болуп өзгөрүшүн изилдөө иштери (жылына 280-450 мм) талаа тажрыйбаларында жүргүзүлдү.

Топурактын катмарлары боюнча нитраттарды аныктоодо алардын максималдуу саны жаз мезгилинде айдоо башталган учурда белгиленип, бир катардагы кармалышы жалпак кесип иштетүү менен нөлдүк иштетүүнүн вариантын көрсөттү (4.3.1 таблица).

4.3.1 таблица – Азот жер семирткичтери кошулган жана топурак кыртышын иштетүүгө көз каранды болгон кайракы жерлердегиачык-коңур топурактагы нитраттардын динамикасы. Орточо жылдык изилдөөлөр

| Топуракты иштетүүнүн варианттары | топурактын катмарлары, см. | жаздын I мөөнөтү | жайдын II мөөнөтү (себүү) | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | көзөмөл орточо | көзөмөл | $N_{45}$ | $N_{90}$ |
| 20-22 см чейин айдоо | 0-10 | 28,0 | 28,0 | 28,5 | 44,1 |
| | 10-20 | 66,3 | 28,5 | 36,2 | 59,2 |
| | 20-30 | 35,7 | 14,3 | 42,2 | 60,9 |
| 20-22 см чейин жалпак кесип иштетүү | 0-10 | 27,5 | 28,5 | 55,0 | 83,2 |
| | 10-20 | 20,5 | 18,9 | 28,5 | 14,3 |
| | 20-30 | 25,3 | 28,0 | 50,0 | 26,6 |
| 10-12 см чейин жалпак кесип иштетүү | 0-10 | 29,9 | 27,3 | 22,7 | 43,6 |
| | 10-20 | 27,3 | 15,5 | 28,5 | 76,0 |
| | 20-30 | 27,1 | 21,0 | 43,9 | 18,9 |
| Дискалоо (6-8 см чейин үстүртөн иштетүү) | 0-10 | 31,4 | 18,9 | 25,2 | 58,8 |
| | 10-20 | 27,3 | 18,9 | 27,3 | 33,6 |
| | 20-30 | 26,5 | 15,5 | 50,4 | 42,0 |
| Нөлдүк иштетүү | 0-10 | 30,6 | 9,6 | 32,1 | 30,7 |
| | 10-20 | 29,9 | 9,6 | 34,4 | 44,7 |
| | 20-30 | 26,5 | 15,5 | 34,4 | 43,6 |

Аныктоонун экинчи мөөнөтүндө күздүк буудайды ($N_{45}$, $N_{90}$) жазгы азыктандыруу иштери жүргүзүлгөн жердеги топурактын үстүңкү катмарындагы нитраттардын саны көбүрөөк экендиги аныкталды.

Бул учурда жалпак кесип иштетүү менен терең айдоо фонунда максималдуу саны белгиленет.

Күздүк буудайды себүүдө ачык-коңур топурактын метрдик катмарындагы

азоттогу нитраттардын болуу динамикасын изилдөөдө азотту өсүмдүктөргө максималдуу колдонуу мезгилинде (өткөөл-себүүдө) анын өзгөрүүсүнүн байкалгандыгын көрсөттү (4.3.1 сүр.).

Сүрөттө 4.3.1 көрүнүп тургандай, азоттогу нитраттардын максималдуу түрдө топтолушу айдоо мезгилинде байкалып, метрдик катмарлардын бардык профилдери боюнча иштетүүнүн башка варианттарына салыштырмалуу кармалуу бир кыйла бийик экендиги аныкталды.

Сүрөттөгү азот нитраттары бул мезгилде катмарда 30-80 см чейин болуп, ошол эле учурда буудайдын тамыр системасында дагы азот бир кыйла жеткиликтүү болот.

Көзөмөлгө алынган вариаттардагы 20-22 см тереңдиктеги топуракты жалпак кесип иштетүүнүн фонунда азоттогу нитраттын кармалышы бир кыйлага төмөн. Минималдык иштетүүдөгү (БД-5-8 см) жер семирткичтери жок вариаттарда азот нитраттары дагы азыраак өлчөмдө кармалат да, топурактын «оптималдуу» катмарында анын кармалышы бир калыпта эмес башкача айтканда 5,0+9,0 мг/кг өзгөрүп турат. Топуракты нөлдүк иштетүүдө метрдик катмарлардагы азоттогу нитраттардын мурункуга салыштырмалуу дагы төмөн болгондуктан 70-80 см катмарда 2,2 мг/кг баштап 6,0 – 6,5 мг/кг чейин бир калыпта болбой өзгөрүп турат.

Көптөгөн башка изилдөөлөрдө көрсөтүлгөндөр, топуракты кайра иштетүүдөгү процесстерге жана нитрификация процесстерине тийгизген таасирлери жөнүндө биздин изилдөөлөрдө дагы байкалды. Терең жалпак кесип иштетүүдө нитраттардын топтолуп калуусу көбүнчө айдоо убагында кезиксе, андан ары майдалап иштетүүдө жана нөлдүк иштетүүдө анын минималдык кармалышы аныкталды.

Күздүк буудайдын жазгы азыктануу учурунда азоттук жер семирткичтерди ($N_{45}$, $N_{90}$) берүүдө топуракты иштетүүнүн бардык изилдөө фондорунда азоттогу нитраттар бир кыйла жогору болушат .

Сүрөттө 4.3.1 айдоо фонунда топурактын бардык метрдик катмарларындагы так жана даана болгон өзгөрүүлөр көрсөтүлүп турат.

Азот жер семирткичтерин берүү менен жалпак кесип иштетүүдө үстүңкү катмардагы нитраттардын саны 0-10 см жана катмарларда 40-50 см чейин көбөйгөн. Ушундай эле көрүнүш топуракты үстүртөн гана иштетүүдө дагы байкалды. Ал эми нөлдүк кайра иштетүүдө топурак катмарларындагы нитраттардын кармалышы 10-60 см чейин жер семирткичтери жок эле эки эсеге көбөйгөн. Демек, топуракты иштетүүнүн ар кандай түрлөрү нитрификация процесстерине ар түрдүү таасирлерди тийгизүү менен көзөмөлдүк варианттагы (жер семирткичи жок) гана эмес азоттук жер семирткичтерди колдонууда да азоттогу нитраттардын кармалышы түрдүү таасирлерди берет.






4.3.1 сүрөт. Жер семирткичтерге жана кайра иштетүүгө көз каранды болгон ачык-коңур топурактагы азоттун нитраттарынын бөлүнүшү (катмар 0-100 см чейин).

Азоттогу нитраттардын топуракта кармалышы жана анын таралышы азоттук жер семирткичтерди берүүнүн жана топуракты иштетүүнүн түрлөрүнө жараша белгилүү бир деңгээлде күздүк буудайдын түшүмдүлүгүнүн көбөйүшүнө көз каранды.

Топуракты иштетүү варианты кыймылдуу фосфордун кармалышы боюнча бири-биринен көп айырмаланбайт.

Бирок катмарлар боюнча кыймылдуу фосфордун таралышындагы кээ бир айырмачылыктарды белгилеп кетүүгө болот. Эгерде айдоо вариантында $P_2O_5$ кармалышы жогорку деңгээлде болсо, катмарлар - 5-10 см, 10-20 см чейин катышта болуп, нөлдүк жана үстүртөн иштетүү варианттарындагы катмарлар -

0-5 см, 5-10 см чейинки катыштагы жогорку катмарлуу экендиги белгиленди (4.3.2 таблица).

4.3.2 таблица – Фосфор жер семирткичтери кошулган жана топурак кыртышын иштетүүгө көз каранды болгон кыймылдуу фосфордун динамикасы. Орточо жылдык изилдөөлөр

| Топуракты иштетүүнүн варианттары | топурактын катмарлары см менен | I мөөнөт (түптөнүү) | |
|---|---|---|---|
| | | орточо | |
| | | $P_0$ | $P_{90}$ |
| 20-22 см чейин айдоо | 0-5 | 19,2 | 21,3 |
| | 5-10 | 21,9 | 26,9 |
| | 10-20 | 21,7 | 26,5 |
| | 20-30 | 16,5 | 18,5 |
| 20-22 см чейин жалпак кесип иштетүү | 0-5 | 22,4 | 25,5 |
| | 5-10 | 22,2 | 26,6 |
| | 10-20 | 20,8 | 22,1 |
| | 20-30 | 16,6 | 16,7 |
| 10-12 см чейин жалпак кесип иштетүү | 0-5 | 22,4 | 26,4 |
| | 5-10 | 23,2 | 26,9 |
| | 10-20 | 20,5 | 20,0 |
| | 20-30 | 19,0 | 19,5 |
| Дискалоо (6-8 см чейин үстүртөн иштетүү) | 0-5 | 23,0 | 26,5 |
| | 5-10 | 22,6 | 26,2 |
| | 10-20 | 19,2 | 20,1 |
| | 20-30 | 19,2 | 18,1 |
| Нөлдүк иштетүү | 0-5 | 23,8 | 28,2 |
| | 5-10 | 22,5 | 22,1 |
| | 10-20 | 19,3 | 20,3 |
| | 20-30 | 19,2 | 18,4 |

Бардык иштетүүнүн вариаттарындагы кыймылдуу фосфордун болушу себүү мезгилинде акырындап төмөндөйт.

Фосфордук жер семирткичтерди ($P_{90}$) берүү бардык варианттарда жана иштетүүлөрдө фосфордун жогорулашына шарт түздү, мисалы, жер семирткичи жок фосфордук вариантта топуракка болгон 3-5 мг/кг катышта.

Бирок, майдаланган жана нөлдүк иштетүүлөрдүн жер үстүндөгү катмарларында жана айдоо вариантындагы бир кыйла терең катмардагы кыймылдуу фосфордун максималдуу кармалышынын таралышы өзгөрүүсүз калды.

**4.4. Топуракты иштетүүнүн жана жер семирткичтердин күздүк буудайдын түшүмдүүлүгүнүн азык элементтеринин чыгышына жана кармалышына тийгизген таасирлери.**

**4.4.1. Азот, фосфордун дан менен самандагы кармалышы.** Дандын өөрчүүпроцесси өсүмдүктөрдүн вегетация мезгилиндеги бардык азык элементтери менен жеткиликтүү деңгээлде жана оптималдуу катышта камсыз болушу менен тыгыз байланышта.



Дандын толук бышып жетилүү фазасына чейин вегетативдик органдардагы азоттун кармалышынын азайышы данча бүртүкчөсүнөн баштап агып чыгуусуна байланыштуу.

Күздүк буудайдын даны менен саманындагы азоттун кармалышы жер семирткичтер вариантында толук бышып жетилүү фазасы бири-биринен өтө деле айырмаланбайт.

Жер семирткичтер күздүк буудайдын даны менен саманынын химиялык курамына таасирлерин тийгизишти.

4.4.1.1 таблицада көрүнүп тургандай, азот жер семирткичи ($N_{45}$, $P_{90}$) - дандагы азоттун кармалышы салыштырмалуу көзөмөлдүк вариантынын айдоо фонунда 0,17-0,47 % чейин, жалпак кесип иштетүү фонунда 0,30-0,45 % чейин нөлдүк иштетүү фонунда 0,48-0,66 % чейин көтөрүлгөн. Самандагы азоттун кармалышы боюнча жер семирткичтер менен жана топурак иштетүү варианттарында чоң айырмачылыктар жок (4.4.1.1 таблица).

4.4.1.1 таблица – Жер семирткичтер кошулган жана топурак кыртышын иштетүүнүн ар кандай түрлөрүнө көз каранды болгон күздүк буудайдын дан жана саманындагы азот менен фосфордун кармалышы (мг/кг)

| Тажрыйбанын варианттары | | Дан | | Саман | |
|---|---|---|---|---|---|
| Топуракты иштетүүнүн варианттары | жер семирткичтер | N | P | N | P |
| 20-22 см чейин айдоо | Көзөмөл | 2,11 | 0,85 | 0,30 | 0,18 |
| | $P_{90}$ | 2,10 | 1,00 | 0,30 | 0,24 |
| | $N_{45}$ | 2,28 | 1,10 | 0,32 | 0,20 |
| | $P_{90}$ $N_{45}$ | 2,18 | 1,15 | 0,32 | 0,25 |
| | $N_{90}$ | 2,59 | 1,05 | 0,35 | 0,18 |
| | $P_{90}$ $N_{90}$ | 2,44 | 1,10 | 0,40 | 0,20 |
| 20-22 см чейин жалпак кесип иштетүү | Көзөмөл | 2,00 | 1,00 | 0,35 | 0,20 |
| | $P_{90}$ | 2,19 | 1,15 | 0,30 | 0,20 |
| | $N_{45}$ | 2,30 | 1,00 | 0,35 | 0,18 |
